**2023-жылдын "___" _______________ №_____**
**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин**
**тескемеси менен жактырылган**

# Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин “Эл аралык жарандык авиация жаатындагы Конвенцияны жана Протоколдорду ратификациялоо жөнүндө” Корутундусу

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин “Эл аралык жарандык авиация жаатындагы Конвенцияны жана Протоколдорду ратификациялоо жөнүндө” корутундусу эл аралык документтерин ратификациялоо үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболорду аткаруу максатында даярдалган.

Пекин конвенциясы жана Пекин протоколу авиациялык коопсуздукту камсыз кылуу үчүн укуктук базаны модернизациялоо боюнча эл аралык коомчулуктун биргелешкен аракеттеринин натыйжасы болуп саналат. Жарандык авиация үчүн жаңы жана пайда болгон коркунучтарды түзгөн бир катар актыларды, анын ичинде кылмыш жасоого даярдык көрүү боюнча белгилүү бир аракеттерди кылмыш жоопкерчилигине тартуу менен, алар бул кылмыштардын алдын алуу жана мындай кылмыштарды жасагандарды сот тартибинде куугунтуктоо жана жазалоо маселелеринде мамлекеттердин потенциалын бекемдейт. Пекин конвенциясы жана Пекин протоколу ошондой эле 2006-жылдын 8-сентябрында кабыл алынган Бириккен Улуттар уюмунун терроризмге каршы глобалдык стратегиясын ишке ашырууга көмөктөшөт, анткени алар терроризмге каршы келишимдердин глобалдык режимин бекемдейт.

Учурда авиациялык коопсуздук кеңири мааниде каралууда. Бул аба кемесинин коопсуздугуна же жарандык авиациянын башка объектилерине түздөн-түз каршы келген кылмыштарга, ошондой эле жарандык авиацияны туура эмес колдонууга байланыштуу кылмыштарга гана тиешелүү эмес. Мисалы, үчүнчү жактардын өмүрүнө, ден соолугуна, мүлкүнө, айлана-чөйрөгө зыян келтирүү максатында аба кемесин колдонуу.

Мындан тышкары, "Кыргыз Республикасынын эл аралык жарандык авиация жаатындагы конвенцияга жана протоколдорго кошулуусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзам долбоорунун тексти, ага кол коюлганга чейин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин транспорт, коммуникациялар, архитектура жана курулуш боюнча, эл аралык иштер, коргоо жана коопсуздук боюнча, бюджет жана финансы боюнча комитеттери тарабынан жактырылган.

"___"__________20__ж. КР УКМКнын төрагасы ______________ К. К. Ташиев

"___"__________20__ж. КР КМ караштуу ЖАМАнын директору____________А. И. Настаев

Макулдашуу Кыргыз Республикасынын Конституциясынын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын ченемдерине ылайык келет жана Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин ченемдерине каршы келбейт.

"Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык макулдашууну ратификациялоо жөнүндө сунуш ратификациялоо жөнүндө мыйзам формасында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине киргизилет.

Макулдашууну ратификациялоо республикалык бюджеттен финансылык чыгымдарды, ошондой эле финансы-экономикалык жана башка терс кесепеттерге алып келбейт.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.У. Жапаров**

"___"__________20__ж. КР УКМКнын төрагасы ______________ К. К. Ташиев

"___"__________20__ж. КР КМ караштуу ЖАМАнын директору___________А. И. Настаев